# САЯСИЙ ЭЛИТА ЖАНА ШАЙЛООЧУЛАР
## (шайлоочулардын Жогорку Кеңештин 4-чү жана 5-чи чакырылыштагы депутаттарына кайрылууларын изилдөөнүн жыйынтыктары)

**ДЖИГИТЕКОВ К.К.**

*Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*
**УДК: 316.3+316.4**

***Аннотация.*** *Бул макалада шайлоочулардын саясий элитанын өкүлдөрү болгон Жогорку Кеңештин депутаттарына кайрылууларын талдоонун жыйынтыктары келтирилип, автор тарабынан элдин парламентке кайрылуу укуктары боюнча маалымдуулугун жогорулатуу боюнча практикалыксунуш пикирлери жарыяланат.*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается результаты анализа обрашений избирателей к представителям политической элиты т.е. депутатам Жогорку Кеңеша, а также даются практические рекомендации автора по повышению правовой осведомленности народа для обрашения в парламент.*

***Урунтуу сөздөр:*** «Конституция», «Жогорку Кеңеш», «адам укуктары жана эркиндиктери», «мыйзам чыгаруу», «саясий элита», «парламент», «шайлоочу», «депутаттык статус»,«регламент».

***Ключевые слова:*** *Конституция, Жогорку Кеңеш, права человека и свободы, законодательство, политическая элита, парламент, избиратель, депутатский статус, регламент.*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин биринчи бөлүгүндө*: «Адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, алар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык. Адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелет. Алар тикелей колдонулат, мыйзамчыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин мани-мазмунун аныктап турат»* [1]., деп белгиленсе, 41-беренесинин биринчи бөлүгүндө: *«ар ким мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу, аларага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү»,* деп жазылган [1].

Бул жоболор Кыргызстандагы адамдын жана жарандардын негизги укуктары менен эркиндиктеринин Конституция тарабынан корголгондугун жана кепилдикке алынгандыгын далилдеп турат. Аталган жоболорго ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, парламенттеги саясий элита жалпы элдин кызыкчылыктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууну көзөмөлдөп, өкүлчүлүк бийлик катары шайлоочулар менен натыйжалуу байланышты түзүүгө тийиш.

Жогорку Кеңештеги саясий элитанын жалпы эле жарандар менен байланышын өркүндөтүүнүнүннегизги жолу болуп – шайлоочулардын кайрылуулары, арыздары, сунуштамалары менен дайыма, тыгыз жана натыйжалуу иштеши эсептелет.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү» Мыйзамынын 151- жана 152-беренелеринде [2] жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндөгү» Мыйзамынын 7-беренесине ылайык [3], Жогорку Кеңештин депутаты шайлоочулар менен байланышып турууга, алардын кайрылууларын кароого, жана жарандарды кабыл алууга милдеттүү. Депутат байланышын үзбөй турган региондор өз алдынча, ошондой эле ал курамында турган парламенттик фракция тарабынан такталат. Шайлоочулар менен иштөөгө бөлүнгөн күндөр Жогорку Кеңештин Регламентинде аныкталган (3, 7-берене.).

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жана Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндөгү Мыйзамдарына ылайык, депутаттар, парламенттик фракциялар шайлоочулар менен: аларды кабыл алуу, сунуштарды, арыздарды кароо, Жогорку Кеңештин фракцияларынын дарегине келип түшкөн кайрылууларды,

сунуштарды, арыздарды өз учурунда, объективдүү жана толук карап, алар боюнча зарыл чараларды кабыл алып, жана бул маселелер боюнча Жогорку Кеңештин комитеттери менен өз ара аракеттенүү иш формаларын уюштурушат.

Ушул эле мыйзамдарда, жеке депутаттын жана фракциянын атына келип түшкөн кайрылууларды жалпылоо жана талдоо, ошондой эле, жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн жыйынтыктары жөнүндө шайлоочуларды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын маалымдоо каралган. Жогорку Кеңештин жана андагы саясий элитанын жарандардын кайрылуулары менен иштөө механизмдерин талдоо, анын мыйзам чыгаруу, өкүлчүлүк жана контролдук функцияларын өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын атынан жалпы

эле Жогорку Кеңешке, депутаттарга жана парламенттик фракциялардын дарегине 2007-2009-чу (4-чакырылыш) жана 2010-2012-жылдарда (5-чакырылыш) келип түшкөн кайрылууларына, каттарына, сунуштамаларына салыштырма талдоо жүргүздүк.

Социологиялык изилдөөнүн максаты-жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылууларын кароонун жол-жоболорун талдап, алардын багыттарын аныктап, изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде парламенттин жарандардын каттары менен натыйжалуу иштөөсүн жакшыртуу үчүн сунуштарды иштеп чыгуу болду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө каттарга контент-анализ жүргүзүү, жарандардын кайрылууларын кароого тикеден-тике катышып байкоо жүргүзүү, депутаттар жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлери менен аңгемелешүү өткөрүү, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, жуманын төртүнчү күнү өткөрүлүүчү «Ар кандай маселелер» боюнча депутаттык суроо-талаптарды жана ошондой эле, массалык маалымат каражаттарындагы маалыматтарга талдоо жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Мындай комплекстүү ыкмалар, парламенттин жана андагы саясий элитанын жарандардын кайрылуулары менен иштөө багыттарын терең изилдөөгө, кайрылууларды кароо жөнүндө мыйзамдардын айрым жетишпеген жактарын аныктоого шарт түзүп, шайлоочулардын каттары менен иштөөнүн сапатын жогорулатуу үчүн иш чараларды аныктоого жардам берди.

Бул изилдөөдө жарандардын кайрылууларын сапаттуу талдоого шарт түзүүчү жаңы индикаторлор колдонулду. Талдоого Жогорку Кеңешке жарандардын 2007-жылдын декабрынан тартып 2009-жылдын 30-июнуна чейин жана 2012-жылдын январынан тартып, июнга чейин келип түшкөн кайрылуулары алынды. Тактап айтсак: бардыгы болуп, Жогорку Кенештин 4-чү чакырылышына (2007-2009-жж) 15 миңден ашык келип түшсө, 5-чи чакырылышына 2010-жылдын декабрь айынан тартып, 2012-жылдын июнь айына чейин 21 миңден ашык кат келип түшкөн. Экинчи сессия мезгилинде (2011-жылдын 1-сентябрынан тартып, 2012-жылдын 30-июнуна чейин) 14 000 даана, анын ичинде 2012-жылдын 1-январынан тартып, 30-июнуна чейинки мезгилде 9 313 каттар келип түшкөн. Салыштырып карасак, эки жыл ичинде парламенттин 5-чи чакырылышына келип түшкөн каттардын саны 4-чү чакырылышка караганда көбүрөөк болгон.

Төмөндө бул салыштырма талдоолордун жалпы жыйынтыктары менен тааныштыралы [4].

***1-чи диаграмма***




Жарандардын 2007-2009-жылдардагы жана 2010-2012-жылдардагы каттарын талдоонун жыйынтыктары алардын арасында Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына тиешеси жок маселелер боюнча дагы кайрылуулардын кездешкенин көрсөттү. Мисалы: *материалдык жана гуманитардык жардамдарды берүү, соттук иштер боюнча арыздар, жер тилкелерин же жашоо үчүн имараттарды менчикке берүү* боюнча *сунуштамалар кездешти*.

Мындай каттар боюнча Жогорку Кеңештин депутаты, мамлекеттик бийлик жана өз алдынча башкаруу органдарына, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга суроо-талабы менен кайрылуу укугуна ээ болот. Алар суроо-талапка кеминде бир айлык мөөнөттө жооп берүүгө милдеттүү (3. 15-берене.).

*Жарандардын кайрылууларынын негизги багыттары.* Жарандардын кайрылуулары негизинен социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү, эмгек мамилелерин мамлекеттик жөнгө салуу, ресурстарга мүмкүнчүлүк алуу, мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылуу, экономика, маданият, билим, илим, спорт жана дин маселесине багытталган.

*Социалдык тармак боюнча.* Социалдык тармак боюнча 2007-2009-жылдары 2656 кайрылуу келип түшкөн болсо, 2011-2012-жылдары алардын саны 3352 жеткен. Алардын ичинде турмушу оор адамдарга материалдык жана гуманитардык жактан жардам көрсөтүү (59%), пенсиялык камсыздоо (25%), ишке орноштуруу маселеси боюнча (16%) айтылган.

Бул тема боюнча кайрылуулар Кыргызстандын бардык аймактарынан келип түшкөн. Кайрылгандар инфляция, электр энергиясына, жашоо-коммуналдык камсыздого, медициналык жактан тейлөөгө жана азык түлүккө болгон баалардын жогорулашын баса белгилешкен.

Көптөгөн каттардын ээлери пенсияга чыгуу жашынын жогорулашына наразычылык билдиришип, улгайган адамдар жөнүндөгү мыйзам долбоору менен таанышууну, климаттык шарттары катал региондордо жашагандарга тиешелүү коэффициенттерди төлөп берүүнү суранышкан.

Айрым бир каттарда ардагерлердин ар кайсы категорияларына киргендерге кошумча жөлөк пул төлөп берүүнү, тактап айтканда, баатыр энелердин пенсияларын персоналдык пенсионерлердин жөлөк пулдарына теңөөнү жана кошумча жеңилдиктерди берүүнү суранышкан.

Жарандар ишке орношууга, ишканалардан маяна алуу боюнча банкрот-ишканалардан карыздарын өндүрүп берүүнү, ишкананын демилгеси менен иштен мыйзамсыз бошоп калгандарга жардам берүүнү, айлыкты негизсиз бербей, созгон ишканаларга карата чара көрүүнү өтүнүшкөн.

Каттарда даарыгерлер менен мугалимдердин айлык маяналарынын өтө төмөндүгүнө нааразы болгондор көп кездешет.

*Саламаттыкты сактоо тармагы боюнча.* Саламаттыкты сактоо маселеси боюнча 2007-2009-жылдары 600дөн ашык каттар келип түшсө, 2011-2012-жылдары 840 кат келген.

Жарандар көбүнчө депутаттарга даары-дармектер менен камсыз кылуудагы жеңилдиктер жана медициналык жактан камсыздоо ишиндеги кемчиликтерди белгилешип, медициналык жабдыктар жана тез жардам автоашиналары менен камсыздоо, майып жарандарды социалдык жактан коргоо маселесин чечип берүүнү өтүнүшкөн. Алардын кайрылууларында кошумча дары-дармектер менен камсыз кылуу жана акысыз атайын автотранспорт менен камсыз кылуу маселеси дагы көтөрүлгөн. Буга кошумча экономикалык кризиске байланыштуу майыптардын абалынын оордогондугу өзгөчө белгиленген.

*Билим берүү жана маданият тармагы боюнча.* Билим берүү маселелери 2007-2009-жылдары 1000ден ашык каттарда көтөрүлсө, 2011-2012-жылдары бул маселелер жарандардын 1049 кайрылуусунда баяндалган. Алардын ичинде көпчүлүк жарандар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана агартуу коллективдери (54%) парламентарийлерден орто мектептерди куруп берүүгө көмөктөшүүнү жана техникалык жактан камсыздоого жардам берүүнү суранышкан. Белгилей кетүүчү жагдай, кайрылууларда Жогорку окуу жайына окууга өтүүгө, окуу үчүн акы (контракт) төлөөгө жардам берүү өтүнүчтөрү дагы кездешти (17%).

95 кайрылууда, бала бакчалардагы орундардын тартыштыгынан улам энелер ишке орношо албагандыгы маалымдалган. Кыргызстандын бардык аймактарынан мугалимдерге мугалимдик тажрыйбасына жараша кошумча төлөмдөрдү төлөп берүү маселеси козголуп, мектептерди оңдоого мамлекеттик бюджеттен каражат бөлүүнү талап кылышкан.

*Маданият тармагы боюнча* ***2007-2009-жылдары*** 344 кат келген. Бул катттарда жарандар маданий-массалык иш-чараларга спонсорлук жардамдарды берүүнү, маданий объектилерди: клубдарды, маданият үйлөрүн техникалык жактан камсыз кылууга жана маданият ишмерлерин материалдык жактан колдоону өтүнүшкөн.

*Спорт маселелери* боюнча негизинен шайлоочулар спорт имараттарын куруу, аларды спорт инвентарлары менен камсыз кылууну, спорт иш-чараларын өткөрүү үчүн спонсорлук жардам көрсөтүүнү жана майып-спортчулардын эл аралык мелдештерге катышуусун колдоп берүүнү суранышкан.

*Турак-жай коммуналдык тармак боюнча.* 2007-2009-жылдары 684 , ал эми 2011-2012-жылдары 960 жаранЖогорку Кеңешке турак-жай маселеси менен кайрылышкан**.** Бул почтанын чоң бөлүгү - жарандардын (41%), жаш үй-бүлөөлөрдү турак жай менен камсыз кылуу, жашоо шарттарынын начарлыгын, турак-жайдын кымбаттыгын, мамлекеттин жана жергиликтүү бийликтердин бул маселеге жетишсиз мамилелерин билдиришкен. Болжол менен жарандардын 38% кайрылуулары бул - үй куруу үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү өтүнүчтөрү. Ар бир бешинчи катта көп кабаттуу үйлөрдү оңдоп-түзөө, коммуналдык тейлөө маселеси козголгон. Мындан тышкары, бул жылдагы кайрылуулардагы актуалдуу маселе - тиричилик-коммуналдык төлөмдөрдүн жогорулашы болуп саналат.

*Экономика жана финансы саясаты* боюнча 2007-2009-жылдары 900 кат келген болсо, (жер пайдалануу-22%; жеке бизнес – 11%; финансы, каржы – 39%; карыз маселеси – 9%; кредит жана ипотека – 19%) 2011-2012-жылдары 532 кат келип түшкөн Бул каттардын көпчүлүгүндө бюджет маселеси, социалдык маанидеги объектилерди, бизнес-долбоорлорду каржылоо жана салык саясатын өнүктүрүү маселеси көтөрүлгөн.

Шайлоочулар, эмгек жамааттар каржы кризисине байланыштуу жүрүп жаткан айрым бир жагдайларга: баалардын жогорулашына төп келбеген айлык маяналардын өлчөмдөрүнүн артта калганына, жумушчу орундарынын кыскарып жатканына, социалдык

маанилүү тармактарды каржылоонун жоюлушуна, айрым бир социалдык топтордун жашоо шарттарынын начарлашына көңүл бурууну суранышкан.

Көпчүлүк каттар Салык Кодексинин жаңы долбоорунун кабыл алынышына багытталган. Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар салык саясатындагы жаңылануударга көңүл бурушкан. Бизнес-ассоциациялардын өкүлдөрү өлкөдөгү патенттик саясатты кайра карап чыгууну өтүнүшкөн.

Экономикалык маселелер боюнча каттардын үчтөн бир бөлүгү насыя (кредит) маселесине арналган. Жарандардын кайрылууларында (9%) элде, ишкерлерде, бюджеттик уюмдардын коммуналдык карыздарынын, электр, газ үчүн, ж.б. карыздарынын болгондугу жазылган. Көпчүлүк каттарда жарандардын сактык кассаларына берген каражаттарынын кайтарылып берилишин сурашкан.

*__Айыл чарба тармагы боюнча__* кайрылууларда (35%) жемге жана электр энергиясына болгон баалардын жогорулашынан чочулоо байкалган. Кайрылгандар жеңилдетилген мамлекеттик кредиттерди берүү, күйүүчү жана майлоочу майларга, айыл чарба шаймандарына, минералдык жер семирткичтерге болгон бааларды көзөмөлгө алууну суранышкан. Кайрылуулардын ичинде 2007-2009-жылдары 2149 кат *мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо* маселесине арналган, анын ичинде, 604 катта мамлекеттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын, мамлекеттик кызматчылардын жана жеке ишкерлердин мыйзамды бузуу фактылары баяндалган. Ушул эле маселелер боюнча 2011-2012-жылдары Жогорку Кеңешке 4609 кат келип түшкөн, же болбосо, эки жыл ичинде бул маселе боюнча кайрылуулардын саны эки эсе өскөн. Белгилей кетүүчү нерсе, **546** кайрылууда укук тартиби түзүмдөрүнө терс мүнөздөмөлөр берилген. Каттардын ичинде укук коргоо органдарына ыраазычылык билдирүүлөр дагы жок эмес. Жарандардын кайрылууларында укук коргоо органдары жүргүзүп жаткан кылмыш иликтөө иштерине көзөмөл жүргүзүү суранычтары дагы бар. **533** кайрылуу сот иштерине байланыштуу болгон. Бул кайрылууларда соттордун иштерди кароодогу мөөнөттөрдү эске албагандыгын, иштер объективдүү каралбай жаткан фактылары белгиленип, сот иштеринин чечимдерин кайра карап чыгууга көмөктөшүүнү суранышкан. 28 кайрылуу аскер кызматындагы адамдардан жана жарандардан армиянын жана мамлекеттик коопсуздук кызматынын иштерине байланышып, армияда кызмат өтөө жөнүндө мыйзамдын долбоору боюнча, коопсуздук кызматынын айрым бир кызматкерлеринин иштерине нааразычылык билдирүү, аскер кызматкерлерин жана ардагерлерди социалдык жактан коргоо маселелерине арналган.

Жарандардын кайрылууларындагы *__гендердик багыттар__* кызыктуу маалыматтарды берди. Парламентке кайрылгандардын 63 пайызы эркектер жана 37 пайызы аялдар болуп чыкты. Жогорку Кеңешке кайрылган аял жарандардын ичинен эң активдүү болуп биринчи орунга Бишкек шаарынын аял жашоочулары (48 пайыз), андан кийин Чүй облусу (14 пайыз), Ош, Жалал-Абад (10 пайыз) чыкты.

***__1-таблица__***

**Жогорку Кеңешке 2007-2009-жылдары жана 2011-жылдын 1-сентябрынан 2012-жылдын 30-июнуна чейин келип түшкөн каттар тууралу салыштырма таблица.**

| Маселелер | Каттардын саны 2007-2009-жж | Каттардын саны 2010-2012-жж |
|---|---|---|
| Экономика боюнча | 900 | 532 |
| 2Калкты социалдык жактан коргоо боюнча | 2656 | 2512 |
| Саламаттыкты сактоо боюнча | 600 | 840 |

| | | |
|---|---|---|
| Турак-жай маселелери боюнча | 684 | 960 |
| Билим, илим, жаштар, маданият, спорт маселелери боюнча | 1000 | 1049 |
| Соода, курулуш, транспорт, байланыш жана энергетика боюнча | | 1124 |
| Айыл чарбасы боюнча | Каттардын 35% | 391 |
| Мыйзамдуулук жана коомдук тартип, Аскер, Улуттук коопсуздук жана укук сактоо органдары боюнча | 2149 | 4609 |

*Дин маселелери боюнча 2007-2009-жылдары 172*кат келип түшкөн.Бул каттарда коом менен мамлекеттик органдардын жана диний уюмдардын ортосундагы маселелери камтылган.

Көпчүлүк диний уюмдар жаңы даярдалып жаткан Диний уюмдар жана эркин дин тутуу жөнүндөгү мыйзамдын долбооруна кошумчаларды киргизүү сунуштарын беришкен (15 кат).

*Жарандардын парламентттик фракцияларга кайрылуу каттары.* Жалпы жонунан Жогорку Кеңешке 2007-2009-жылдары келип түшкөн каттардын 84 пайызы «Ак Жол» фракциясына, (анын ичинде 29 пайызы ЖК Төрагасынын дарегине), 9% - КСДП фракциясына жана 7% - ККП фракциясына багытталган.

2011-жылдын 1 сентябрынан 2012-жылдын июнь айына чейин Жогорку Кеңештин 5-чакырылышынын парламенттик фракцияларына жалпысынан 14 000 кат келип түшкөн. Анын ичинде: СДПК фракциясына - 5673; Ата –Журт фракциясына – 2681; «Ата Мекен» фракциясына – 2286; «Ар-Намыс» фракциясына – 2050; «Республика» фракциясына – 1310 кат келген. Салыштырмалуу, жогорудагы маалыматтар айтып тургандай, каттардын көпчүлүгү, мурдагыдай эле депутаттык мандаттарды көбүрөөк алган фракциялардын даректерине багытталган.

Жогорку Кеңешке келип түшкөн кайрылууларды талдоо алардын негизги багыттарын: ***билдирүүлөр*** – 36 пайызды, ***арыздар*** – 24 пайызды, ***сунуштар*** – 20 пайызды, ***сунуштамалар*** – 16 пайызды түздү.

Массалык маалымат каражаттарын талдоо Жогорку Кеӊештин депутаттарынын ишмердиги такай алардын көӊүл чордонунда болгондугун тастыктады. Мисалы: 2012-жылдын 5-майында газета «МК – Азия» гезити «Испытано на себе» рубрикасында гезиттин баяндамачысы депутаттан жардам алыш үчүн кандай аракеттерди жасагандыгы тууралу чоң репортаж жарыялаган. Анын «Ата-Мекен», «Республика», «Ата-Журт» фракцияларына болгон телефон чалуулары бул фракциялардын секретариаттарынын жарандардын кат жүзүндөгү кайрылуулары менен гана иштей тургандыгын далилдеди. Бул репортаждын бир бөлүгү «Земляк земляка видит издалека?», деп аталып, бул жерде: *“эгерде депутаттын жардамчысы сенин жердешиң болсо, анда сенин маселең тез эле чечилет”,* деп жазылган. Бул дагы болсо, жарандардын кайрылуулары менен иштөөдөгү айрым бир мүчүлүштүктөрдүн болгондугун тастыктайт.

Жарандардын каттарына жүргүзүлгөн контент-анализ, кайрылуулардын туура эмес даректерге келип жаткандыгын дагы аныктады. Тактап айтканда, каттардын ичинен Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына ылайык келбеген маселелер көп кездешти. Аткаруу бийлиги жана өз алдынча башкаруу органдарында чечиле турган маселелер парламенттин депутаттарына, фракцияларга багытталган. Катышып байкоо жүргүзүү методу жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуу жол-жоболору тууралу, тигил же бул

маселе боюнча кайсы бийлик органдарына кайрылуу жөнүндө маалыматтарынын аздыгын тастыктады.

Аталган жылдардагы Жогорку Кеңештин чакырылыштарынын депутаттарына кайрылган шайлоочулардын кайрылууларын талдоонун жыйынтыктары коомдогу болуп жаткан маанайды баалоодо жана бийлик түзүлүштөрүнүн иштеринин натыйжалуулугун текшерүүдө мындан артык барометр жок экени далил болду. Өзгөчө бул абал шайлоочулардын парламенттеги саясий элитанын өкүлдөрү (депутаттарга) өткөн жылдардагы жана бүгүнкү кайрылууларын салыштырма талдоодо көрүнүктүү болду.

Бул жерде кызык маалыматтар ачылды. Маалыматтарды сандык жагынан алып карасак, шайлоочулардын кайрылууларынын динамикасынын өскөндүгү байкалат. Жыл сайын кайрылуулардын саны 10-15 пайызга өскөн. Ошону менен бирге, шайлоочулардын кайрылууларынын санынын өсүшү көйгөйлөрдүн кескин көбөйүшүнө гана эмес, аларды чечүүгө жардам берүүчүлөрдөн үмүттөрү чоң экендиги байкалат. Буга далил катары, өз көйгөй маселеси менен мурун кайрылып аны чечип алган шайлоочу бул учурда дагы бир башка маселесин чечтирип алуу үчүн кайрадан кайрылган фактылар жок эмес экен.

Шайлоочулардын кайрылууларынын мазмундарына кайрылсак, анда бул жерде абал ар кандай. Турмуш бир жерде турбайт. Чечилген маселелердин ордуна чечилбей жаткан маселе келет. Эгерде беш-алты жыл мурун кайрылуулардын көпчүлүгү жылуулук мезгилинин кеч башталганына же жүргүнчүлөрдү ташуудагы маселелер, жол маселелери тынчсыздандырса, бүгүнкү күндө алардын мүнөзү толугу менен өзгөрүлгөн. Адамдарды азыр нгегизинен жеке социалдык маселелер, баалардын өсүшү, кымбатчылык, дары-дармектердин бааларынын өсүшү, ден соолук, дарылануу маселелери, пенсия, жөлөк пул, айыл-чарба жана башка маселелер тынчсыздандырып жаткандай.

Тилекке каршы, ар бир төртүнчү өтүнүч жана кайрылуунун каржы маселесинин тартыштыгынан, мыйзамдардын сапатынын төмөндүгүнөн жана башка себептерден улам канааттандырылбай жаткандыгын белгилеп кетүү абзел.

Бүгүнкү күндө соттук иштер боюнча кабыл алынган чечимдер аткарылбай жаткандыгы дагы жашыруун эмес, бул коомдогу абдан коркунучтуу белги.

Жер-жерлерде шайлоочуларды жана алардын арыз-муңдарын кабыл алуучу, партиялык, фракциялык коомдук кабылдамалар ачылып, алардын саны өссө дагы кайрылуулардын саны кыскарган жок. Коомдук кабылдамалар жергиликтүү райондук жана айылдык бийлик органдарын жана башка кызматтарды алмаштыра алышпайт. Ушул эле мезгилде шайлоочулардын арыз-муңдарынын, көйгөй маселелеринин келип чыгуу боюнча биринчи себептерин жоюу боюнча иштер аткарылбаса, маселелерди чечүүчү уюмдар, кызматтар өз иштерин аткарышпаса, кайрылуулардын санынын кыскарбай тургандыгы шексиз.

Жыйынтыктап айтканда, шайлоочулардын кайрылуулары коомдогу болуп жаткан жараяндарды тастыктады. Шайлоочулардын дагы да болсо, жеке турмуштарындагы көйгөй маселелерин чечүүдө парламенттеги саясий элитага болгон үмүттөрү жогору экен. Ошондуктан, депутаттардын шайлоочулардын кайрылуулары менен дайыма жүргүзгөн тыгыз иштери парламенттин өкүлчүлүк иш милдеттерин, жарандык коом менен байланышын бекемдеп, мыйзам чыгаруу, контролдук ыйгарым укуктарын өркүндөтүүгө шарт түзүп, мыйзам чыгаруу ишинде туура жана заманбап чечимдерди кабыл алууга шарт түзөөрү бышык.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, (Текст) Б.: 2010. - 11-б. 20-б.

2. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, (Текст) 7-б. 151-152бб.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Мыйзамы, (Текст) 15-б.

4. Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылууларын талдоо: 2007-2009-чу жана 2010-2012-жылдар (изилдөөнүн жыйынтыктары).